**СЫДЫКБАЕВ Ч.М.**

**nbknu@mail.ru**

# КЫРГЫЗСТАНДА ЖАШТАРДЫН САЯСЫЙ СОЦИАЛДАШУУСУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ (САЯСЫЙ-СОЦИОЛОГИЯЛЫК ТАЛДОО)

Ар түрдүү объективдүү жана субъективдүү себептерден улам бүгүн кыргыз коому өтө, чектен тыш саясатташып кеткени эч кимге жашыруун эмес. Бул албетте тигил же бул өлкөдөгү саясий-социалдык абалга, процесстерге көз каранды. Бул нерсенин пардоксалдуулугу ушунда: айрым өлкөлөрдө граждандардын саясатка катышуусу өтө төмөн болгондуктан өкмөт буга кызыкдар. Ал эми биздей өлкөлөрдө калктын ашкере саясатташуусу жогорку денгээлде жана бул өз кезегинде жагымсыз жагдайларды пайда кылып барган сайын тажатма, итиркейди келтирген көрүнүшкө айланууда.

Жалпысынан бул процесс саясий илимде саясий социалдашуу деп аталат.

Негизинен адамдын саясий социалдашуусу жаш куракта ишке ашып башталат. Демек саясий социалдашуу процессинде жаштык курак чоң мааниге ээ.

Саясий социалдашуу түшүнүгү политология жана социология илимдеринин изилдөө объектиси болуп саналат. Ага ылайык:

***Саясиий социалдашуу*** - саясий мамилелерге толук укуктуу катышуучусу болууга инсанга мүмкүндүк берген белгилүү билимди, баалуулуктарды, нормаларды өздөштүрүү процесси. Саясий социалдашуу адамдардын мурунку муундагы адамдар чогулткан социалдык тажрыйба менен аны социалдык субъект катары калыптандыруу жалпы процессинин компоненти, бир тарабы болуп эсептелинет. Ошондой эле саясий социалдашуу инсан тарабынан белгилүү саясий билимдердин топтомунун өздөштүрүлүшүн жана коомдук саясий ишмердүүлүктүн ыктарына ээ болууну; өздөштүрүлгөн билимдердин саясий ишенимге айланышын жана аларды коргоо мүмкүнчүлүгүнүн калыптанышын; инсандын саясий багыт алуусун, түзүүсүн жана тактоосун, рационалдуу саясий жүрүм-турумду иштеп чыгууну божомолдойт. Саясий социалдашуунун темпи жана даражасы өз кезегинде бир катар факторлордон көз каранды. Аларды төмөндөгүдөй бөлүп көргөзүүгө болот:

***а) чоң чөйрөнүн*** - коомдук экономикалык формациянын, мамлекеттин, таптын, улуттун ж.б. социалдык топтордун коомдун саясий маданиятын;

**б) *кичи чөйрөнүн* -** институттун жана формалдуу эмес бирикмелердин, мектептин үй-бүлөнүн, айрым инсандардын;

**в)** ички генетикалык берилген факторлордун (б.а тукум куучулукж.б.);

**г)** өзүн-өзү тарбиялоонун таасирине да көз каранды.

Адамдын саясий билимге, нормаларга жана баалуулуктарга ээ болуусу жана анын социалдык-демографиялык, идеялык, психологиялык мүнөздөмөсү менен да тыгыз байланышта. Өзгөчө ролду мында инсандын экономикалык мамилелердин системасындагы алган орду ойнойт. Себеби базар экономикасынын, капитализмдин шарттарында инсан материалдык жактан кандайдыр бир көз-карандысыздык денгээлге жетишпей туруп идея үчүн күрөшүшү кыйынга турат. 80-жылдардын аягындагы жөнөкөй адамдын саясий социалдашусу менен азыркы коомдогу адамдын саясий социалдашуусңда асман менен жердей айырма бар муну эч ким тана албайт.

***Саясий социалдашуу*** – деп так кесе инсандын туулгандан баштап коомдо болгон саясий системадагы ыңгайлануусун кароого болбойт. Демократиялык коомдо жашап жаткан инсан бүгүнкү күндө белгилүү денгээлде тандап алуу эркиндигине ээ, бул болсо ага бойго жеткенде, чыгармачылык жана тандоо аркылуу саясий билимдерге ээ болуп, өзүнүн саясий ишенимдерин жана позицияларын калыптандырууга мүмкүндүк берет.

Саясий социалдашуу процессинде жаштардын орду өзгөчө себеби барган сайын жаштар саясатта , коомдо чечүүчү күчкө айланууда.

Өлкөбүздөгү бүгүнкү саясий-социалдык процесстерде жаштардын ордуна токтолуу илимий жактан да, практикалык жактан да өтө маанилүү. Себеби Кыргызстандын шартындагы социалдык-саясий процесстердин генератору жаштар болушууда .. Албетте бул фактор сөзсүз түрдө илимий изилдөөнү талап кылат. Ал эми илимий негизден алып караганда:

***Жаштар*** – бул негизги сапаттык мүнөздөмөсү жаш өзгөчөлүгү болуп саналган социалдык демографиялык топ. Жаштар ар кандай коомдук катмарларга тиешелүү жана алардын абалы өздөрүнүн тигил же бул социалдык класска тиешелүүлүгүнө байланыштуу. Саясий-социологиялык илимде жаштардын статусу алардын коомдогу абалына жараша бекемделет. Ал өз кезегинде жаштардын социалдык-демографиялык түзүмү, укуктук абалы, билими жана тажрыйбасы, экономикалык абалы жана экономикалык активдүүлүгү, саясаттагы орду жана ролу, жашоо образы, баалуулук ориентирлери, ден-соолугу сыяктуу бир катар көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт. Жаштар маселесин изилдеген илимдин багыттары аларды жаш курагы боюнча: мектеп окуучусу, студент, жумушчу, айылдык жана шаардык, жаш ишкерлер, жаш окумуштуулар жана башка категорияларга бөлүп көргөзүшөт. Ар кайсы курактагы жаштардын өздөрүнүн жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша укук жана милдеттери жаралат. Ал эми бул укук-милдеттер жөндөмүнө жараша атайын кабыл алынган жаш адамдын жана өспүрүмдүн укук-милдеттерине байланыштуу каралат. Жаштардын ар бир социалдык топтору өзгөчөлөнгөн экономикалык, социалдык, социомаданий мүнөздөмөлөргө ээ болгондуктан аларга жалпы жана бир кылка таасир этүүчү идеологиялык мамлекеттик рычагды колдонуу таатаал болуп саналат.

Алардын психологиялык мүнөздөмөлөрү балачак, өспүрүм курак, жаштык сыяктуу курактык мезгилдерине жараша өзгөрүп турат. Жаштардын эң аялуу назик жана бат таасирленген мезгили катары өспүрүм курак эсептелет. Дал ушул куракта жаш адам өзүнүн келечек багыттарын аңдап үй-бүлөдөн жана тышкы чөйрөдөн алган таасиринин негизинде келечектеги өзүнүн «оң» же «терс» турмуштук багытын тандап алат.

Бүгүн мектеп партасында, студенттик аудиторияларда олтурган жаштар жакынкы келечекте мамлекеттин негизин түзүп, өлкөнүн тагдырын аныктоочулардан болуп калышат. Алардын социалдык өзүн-өзү таануусунан, саясий-укуктук сабаттуулугунан, баалуулук ориентацияларынан билим деңгээлинен, аң сезиминен, журуш-турушунан социалдык активдүүлүгүнөн келечектеги кыргыз коомунун өнүгүүсү көп жагынан көз каранды. Адамдын балалыктын дүйнөсүнөн чоң турмушка аттанган мезгили анын жашоосунун маанилүү этабы болуп саналгандыктан бул учурда аларга кам көрүү үй-бүлүнүн эле эмес, мамленкеттин да жооптуу милдети болуш керек. Өлкөбүздөгү азыркы мезгил калыптанган баалуулуктарды кайра баалоо, улуу муундагылардын тажрыйбасына сын көз менен кароо, массалык аң-сезимдин ашынган прагматикалык-материалистик маанайга ыкташы б.а коммерцияланышы жаштар өздөрүнүн келечегин такыр башкача элестетүү сыяктуу процесстер менен коштолууда.

Буга кошул-ташыл экономикалык кризистер, дээрлик 20жылга созулган, дагы канчага уланаары белгисиз өткөөл мезгил, саясий стабилсиздик, калктын аялуу катмарларынын социалдык жактан корголбогондугу, өлкөдөгү азыркы жалпы абал Кыргызстан жаштарынын саясий социалдашуусунун өзгөчөлүгүн шарттаган факторлордон болуп саналат. Дал ушундай факторлор жаштардын саясий – социалдашуусуна терс таасир этип, аларда эртеңки күнгө болгон ишенбөөчүлүктү жана тынчсызданууну жаратууда. Эгемендиктин алгачкы жылдарына туш келген жаштар Советтик коомдун баалуулуктарынан баш тартып жаңы базар экономикасынын баалуулуктарына ыкташуу стадиясын башынан өткөзсө, азыркы жаштар такыр башка турмуштук шартта жана эң негизгиси советтик баалуулуктардан кабары жок жана мамлекеттин таасирдүү жаштар саясаты жок абалда социалдашууда. Азыркы жаштардын

ан-сезиминдеги рухий-нравлык боштук жаштар арасындагы кылмыштуулуктун, жумушсуздуктун, жашоо деңгээлдин төмөндөшү, саясий апатия, элдин саясий лидерлерге ишенбөөчүлүгү, билим берүүнүн престиждүүлүгүнүн жана деңгээлинин түшүшү, өзүмчүлдүктүн өсүшү сыяктуу негативдүү терс көрүнүштөр менен коштолууда. Дагы бир өкүнүчтүү жагдай, бүгүнкү күндөрдө жүргүзүлүп жаткан жаштар арасындагы сурамжылоолордун жыйынтыктары анчейин көңүл жубатаарлык эмес.

Социологиялык сурамжылоонун жыйынтыктары көргөзгөндөй: бүгүнкү күндө жаштар кабылган көйгөйлөрдүн ичинде финансылык баалуулуктар биринчи орунда, экинчиде – психологиялык, үчүнчү орунда ыймандык баалууулуктар тураары белгилүү болгон. Азыркы жаштардын аң-сезиминде өзүмчүлдүк, индвидуалдык прогматизм, материалдык жыргалчылыкка мүмкүн болушунча жана кандай жолдор менен болсо да жетүү биринчи орунда.

Сурамжылоого катышкан өспүрүм курактагы балдардын жана кыздардын 61пайызы биздин коомдо биринчи баалуулук катары акча турат десе, 30пайызы билим алуу, 8пайыызы мамилелүүлүк ал эми 1гана пайызы өзүн мамлекеттке арноо турат дешкен. Ошондой эле сурамжылоо жүргүзүлгөн жаштардын 62 пайызы тажатма, кызыгы жок болсо да акчасы жакшы төлөнгөн жумушта иштегиси келсе, 38% маяна аз төлөнсө да өздөрү үчүн кызыктуу жумушта иштей берүүнү туура көрүшөт. Бул да болсо жаштар үчүн материалдык кызыкчылык биринчи орунда тураары, ал эми чыгармачылык жактан өзүн реализациялоо сыяктуу түшүнүктөр экинчи планда экенин айгинелейт.

Албетте мындай абал эртенки күнгө болгон ишенимдин жоктугун, стабилдүү эмес абалды жаратат.

Бул акыркы беш жылдагы саясий силкинүлөрдө ачык көрүндү… 2005-жылдын 24-март, 2010-жылдын 7-апрелиндеги окуяларда жаштар негизги чечүүчү күч болушканын эч кимдин танууга акысы жок. Дүйнөгө дүң болгон Кыргызстандагы ал окуяларда “жаштардын маргинал топтору чечүүчү күч болду алардын арасында интеллигенциянын, студенттердин өкүлдөрү болгон жок” дегендей ойлорду таңуулаган пикрлер болду башка улуттардын өкүлдөрүнүн ичинде. Андай пикирлерди жөн гана кыргыз элинин духунун күчтүүлүгүн, кыргыз жаштарында октон, оттон кайра тарпаган көкжалдык, керек учурда мамлекет, улут үчүн “каруусун казык, канын азык” кылчу сапаттагы жаштар экенин көрө албаган ички жана тышкы күчтөрдүн кыйды пикири катары кароо керек. Себеби каргашалуу апрель окуяларында окко учкандардын арасында студенттер, интеллигенция өкүлдөрү болду керек болсо биз Жумаев Мырзабек, Кудайбергенов Жолдош сыяктуу асыл кесиптештерибизден айрылдык. Менин кесиптешим бир чети жердешим Жолдош Кудайбергенов университтеттеги көп мугалимдерден айырмаланып бийик интеллектиси, жогорку адамкерчилиги менен айырмаланган инсан болучу. Аны биздин өлкөбүздүн келечеги өзгөчө түйшөлтчү. Улуттук коопсуздук маселесине арналгаган кандидаттык диссертациянынг үсмтүндө иштеп жүргөн. Америка, Индия сыяктуу мамлекеттерден билимин өркүндөтүп келген келечегинен көптү үмүттөндүргөн “продвинутый” кадрладын бири болучу. Ошол күнү да ал ,митингдегилердин алдынкы сабында болуп жаштарды шыктандырган чакырыктарды айтып, жаштарга дем берип жүргөн. Жолдош жана ага окшогон ондогон жаштардын мекен үчүн кыйылган өмүрлөрү текке кетпей өлкөбүз өнүгүүнүн жолуна түшөбү? Учурда бул маселе чоң суроо болуп турган кез...

Мындан мамлекеттик денгээлде жыйынтык чыгарбоо, мамлекеттик денгээлде бирдиктүү жана комплекстүү жаштар саясатын иштеп чыкпоо өкмөт үчүн кечиримсиз же жөн гана өлкөнүн 20,30 жыл кийинки тагдырына кол шилтоо. Арийне мындай программаны иштеп чыгууда биздин өлкө үчүн мүнөздүү жаштарга байланышкан бир факторду эске алуу абдан маанилүү. Ал фактор: кыргыз жаштары айылдык жана шаардык деген шарттуу бөлүнүүгө эле ээ болбостон, алардын кулк-мүнөз, дүйнө таанымында чоң айырма бар экендиги. Белгилүү болгондой социалдашуу шаардык жаштар менен айылдык жаштарда эки башка шарт жагдайда ишке ашат. Албетте бул бир катар факторлорго байланыштуу:

Биринчиден, айыл менен шаардын социалдык турмуштук инфраструктуралык шарттары эки башка.

Экинчиси социалдык-экономикалык чөйрө, себеби айылга салыштырмалуу шаарда ашыкча түйшүксүз каражат табууга болот анткени шаарда айлануу каражаттары жетиштүү, үчүнчүдөн шаарда айыл жаштарына салыштырмалуу бош убакытты көңүлдүү өткөрүүгө маданий агартуу жайлары жетиштүү. Ушул жана башка шарт жагдайлардан жана чөйрөдөн алган тажрыйбасынан айыл менен шаардан эки башка кулк мүнөз, кескин айырмаланган дүйнө таанымдагы жаштар калыптанат. Мындай көрүнүштөр албетте кошумча түйшүктөрдү жаратаары турган иш. Жаштар саясатын, иш-багыттарын иштеп чыгууда бул нерсе көңүл борборунда болушу өзгөчө маанилүү.

Социологиялык көз-караштан алып караганда жаш муундун турмуштук багыттары, баалуулук ориентирлери социалдашуу процессинин негизинде ишке ашат..

Жаштар министрлигин түзүү убактылуу гана жаштардын демин басуу кадамы болгондой. Себеби жаңы түзүлгөн министрлик бүгүнкү күнгө чейин жаштар маселесин жумшартууну (толук 100% чечүү мүмкүн эмес) максат кылган рационалдуу программаны коомчулукка сунуштай элек.

Буга окшогон көрүнүштөрдүн бардыгы Кыргызстан жаштарынын социалдык абалын изилдөөнү, ошондой эле ага жараша натыйжалуу илимий-практикалык сунуштарды иштеп чыгууну жана ал сунуштарды ишке ашырууну өкмөттөн талап кылууну максат кылган аракеттердин болушунун өзгөчө актуалдуу маселелерден экинин далилдейт..

Демек бүгүн Жаштар маселесине илимий мамиле зарыл жана ошондой эле мамлекет тарбынан бул багытта чечкиндүү практикалык кадамдарды талап кылат.

Келечекте жаштар аягы жок революциялардын каармандары, баатырлары, саясатчылардын куралы, акырында курмандыгы эле болуп калбастан социалдык-экономикалык өнүгүүнүн кыймылдаткыч күчү болушу маанилүү жана зарыл.

**Адабияттар:**


1. Социальная политика / Под ред. Н.А. Волгина. - М; 2003.
2. Саясат таануу: Энциклопедиялык окуу куралы /А.А. Акуновдун редакциясында. -Бишкек,2004.
3. Селиванов З.К. Смысло-жизненные ориентации подростков и молодежи// Социологические исследования. - М., 2002.
4. Фролова М.А. Введение в политологию. - М.; Воронеж, 2003.